# КАМКОРДУК КӨРҮҮЧҮ КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Кыргыз Республикасынын Камкордук көрүүчү Кеңеши жөнүндө ЖОБО**

*(Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин №609/1 2013-жылдагы буйругу менен бекитилген)*

1. **Жалпы жобо**
2. **Камкордук көрүүчү Кеңештин милдеттери жана максаттары**
3. **Камкордук көрүүчү Кеңештин функциялары**
4. **Камкордук көрүүчү Кеңешти түзүү тартиби жана анын компетенциялары**

Бул Камкордук көрүүчү Кеңеш жөнүндөгү жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын аткаруу жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мындан аркы тең башкаруунун түрүн өркүндөтүү анын ичинде, бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу менен ага көзөмөл кылуу максатында иштелип жана кабыл алынды.

5. **Жалпы жобо**

- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы Камкордук көрүүчү Кеңеш (мындан ары – Камкордук Кеңеш) юридикалык макамы жоктугуна карабастан, жалпы билим берүү уюмдарында терең башкаруучу, билим берүү уюмдарында белгиленген максаттарга жетүү үчүн көмөк көрсөтүүчү функцияларды ишке ашыруучу, ошондой эле, кошумча (бюджеттен тышкары) каражаттарды тартуучу, алардын максаттуу колдонулуусун көзөмөлдөөчү орган.
- Демөөрчүлүк жардам – жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык – техникалык жана окуу базасын колдоо үчүн юридикалык жана жеке тараптардын ыктыярдуу салымы.
- Камкордук Кеңештин мүчөсү – кайтарымсыз негизде жалпы билим берүү уюмдарын тең башкарууда ыйгарым укукта иш жүргүзөт.
- Камкордук Кеңешинин банктык эсеби – жалпы билим берүү уюмунун эсеби, ага демөөрчүлүк жардамдардан түшкөн каражаттар түшөт. Жалпы билим берүү уюмуна жана анын жамаатына көрсөтүлүүчү ар кандай ыктыярдуу финансылык жардамдар аталган эсеп аркылуу жүргүзүлөт.

2. **Камкордук Кеңештин милдеттери жана максаттары.**

- Камкордук Кеңештин негизги максаты бул- билим берүү уюмунун уставдык функцияларын ишке ашыруу, материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган уюмдардын жана жеке жарандардын биргелешкен аракеттерин бириктирүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюму тарабынан бюджеттен сырткаркы каражаттарды максаттуу колдонуусун көзөмөлдөө болуп саналат.
- Камкордук Кеңештин негизги милдетгери болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- демөөрчүлүк жардамдарды жана гранттарды максаттуу жана рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;

- жалпы билим берүү уюмунун материаддык -техникалык жана окуу базасын чыңдоого, жакшыртууга, анын айлана тегерегин жана имаратын көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртууга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоого көмөктөшүү;
- окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;
- жалпы билим берүү уюмунун өнүгүү стратегиясын жана миссиясын аныктоого көмөктөшүү;

**3. Камкордук Кеңештин функциялары.**

3.1. Камкордук Кеңеши:

- жалпы билим берүү уюмунун өнүгүүсүн жана ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн бюджеттен сырткаркаражаттарды тартууга көмөктөшөт;
- жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык жамаатынын жана башка кызматкерлеринин эмгек шарттарын жакшыртууга жана уюштурууга көмөктөшөт;
- жалпы билим берүү уюмунда конкурстарды, мелдештерди жана башка массалык мектептен тышкаркы иш чараларды уюштурууга көмөктөшөт;
- жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык- техникалык базасын чыңдоого, мектептин имаратын жана айлана тегерегин көрктөндүрүүгө;
- жалпы билим берүү уюмунун иш аракеттеринин так иштөөсүн жогорулатууга багытталган демилгелерди талдайт жана көрсөтөт;
- жалпы билим берүү уюмунун уставында Камкордук кеңешинин компетенциясына кирген ар кандай суроолорду карайт;

**Көзөмөлчүлүк кеңеши укуктуу:**

- Билимберүү уюмунун жетекчисинен, зарыл болгон учурда анын жардамчысынан, педагогикалык кызматкелеринен, педагогикалык ишмердүүлүктүн абалы тууралуу маалымат алып турууга
- Билим берүү уюмунда окуп жаткандарга, окутуу жана тарбия берүү, анын ичинде алардын ден соолугун чыңдоо жана тамактандырууну уюштуруу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү боюнча билим берүү уюмунун администрациясына сунуштарды берүүгө
- Билим берүү уюмунун негиздөөчүсүнө, анан ишмердүүлүгүн жана аны башкарууну жакшыртууга сунуштарды берүүгө, Көзөмөлчүлүк кеңешинин компитентциясына туура келүүчү башка маселердеи карап чыгууга
- Билим берүү уюмунун өнүгүүсү үчүн кайрамдуулук төлөмдөр түшүп туруучу, кайрымдуулук жана башка уюмдар менен кызматташууга
- Билим берүү уюмунун керектөөлөрү үчүн юридикалык жана жеке жактардан түшкөн кайрымдуулук жардамдар жана максаттуу каражаттардын пайдалануса коомдук көзөмөл жүргүзүү.

# КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК КЕҢЕШ

**Көзөмөлчүлүк кеңеши деген эмне?**

Кыргыз Республикасынын «Көзөмөлчүлүк кеңеши тууралуу» Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, Көзөмөлчүлүк кеңеши, юридикалык статуска ээ эмес, ушул Мыйзамда белгиленген тартипте түзүлүүчү, жарандарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү мамлекеттик же муниципалдык мекемелерди тең башкаруу орган.

**Көзөмөлчүлүк кеңеши негизги милдеттери:**

- Билим берүү процессин уюштурууга жана жакшыртууга көмөк көрсөтүү
- Окуучулардын жана билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин билим ишмердүүлүгүн уюштурууга көмөк көрсөтүү;
- Билим берүү уюмдарынын педагогикалык жана башка кызматкелеринин жумуш шартын уюштурууга жана жакшыртууга көмөк көрсөтүү
- Билим берүү уюмунун окуучуларыны, тарбиялануучуларынын жана кызматкерлеринин коопсуздугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү
- Билим берүү уюмунун уставдык милдеттерине жана максаттарына жюетүүсүнө көмөк көрсөтүү
- Социалдык чөйрөдөгү мекемелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карам-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу
- Билим берүү мекемесинде ысык тамактандырууну уюштурууга, каржылоого жана көзөмөлгө кылууга көмөк көрсөтүү

**Көзөмөлчүлүк кеңешине кимдер кирет?**

1. Социалдык чөйрөдөгү мекемелерде же коомдук иште иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жарандары
2. Ишкер чөйрөлөрдүн, илимий жана билим берүү уюмдарынын, маданий жана социалдык чөйрө мекемелеринин, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, коммерциалык жана коммерциалык эмес уюмдардын, студенттик жана ата-энелер бирикмелердин өкүлдөрү

**Көзөмөлчүлүк кеңеши милдеттүү**

- Кеңештин 1 жылдык иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү
- Социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишиердүүлүгү тууралуу коомчулукка маалымат берүүдөкөмөк көрсөтүү
- Көрсөтүлүп жаткан социалдык кызматтардын эффективдүүлүгүнө талдоо жүргүзүү жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү
- Жыл сайын өз ишмердүүлүгү тууралуу отчет даярдоо социалдыек чөйрөнүн мамлекеттик ыйгарым укуктуу органынын веб-сайты жана массалык маалымат каражаттары аркылуу коомчулукка маалымат берип туруу
- Социалдык чөйрөдөгү мекемеге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарын тартуу
- Мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдардын талап кылуусу менен өз ишиердүүлүгү тууралуу отчет берүү

“2020-жыл - Өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо” жылына карата мектепте 25000 сомго “Акылдуу конгуроо” орнотулган. Акылдуу коңгуроонун жардамы менен мугалим окуучулардын сабактарга өз убагында кирип чыгуусуна жана жагымдуу маанайлар түзүлгөн.

Мугалим, окуучу жана ата-энелер менен тыгыз байланышта болуусу үчүн электрондук күндөлүк ишке киргизилген.Электрондук күндөлүктүн жардамы менен ата-энелер окуучулардын сабакка катышын,жетишкендиктерин жана үй тапшырмаларын көрө алышат.

Мектептин атайын интернет сайты иштейт,ар кандай жаңылыктарды ата-энелер,айыл тургундары маалымат алып турушат.

Мектептин ичине интернет киргизилген, мугалимдер интернетти тоскоолдуксуз пайдалануу үчүн Wi-Fi коюлган, мектеп администрациясынын кабинеттерине, информатика жана усулдук кабинетине, 4 окуу кабинетине үзгүлтүксүз интернет байланышы коюлган.